***DOI:10.26104/NNTIK.2022.97.36.025***

*Имаралиев О.Р., Эсенали кызы Г.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАКТЫК АГРО-ӨНӨРЖАЙ ӨНДҮРҮШҮНӨ ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ ТАРТУУ ЖАНА ЧЕК АРА БАЙЛАНЫШТАРЫН ЖАКШЫРТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Имаралиев О.Р., Эсенали кызы Г.*

# ВОПРОСЫ ПРИВЛЕЧЕНИЯ ИНВЕСТИЦИЙ В АГРОПРОМЫШЛЕННОЕ ПРОИЗВОДСТВО ТЕРРИТОРИАЛЬНОГО ПОДРАЗДЕЛЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ ПРИГРАНИЧНЫХ СВЯЗЕЙ

***O. Imaraliev, Esenali kyzy G.***

# ISSUES OF ATTRACTING INVESTMENT IN AGRO-INDUSTRIAL PRODUCTION OF THE TERRITORIAL SUBDIVISIONS OF THE KYRGYZ REPUBLIC AND IMPROVING CROSS-BORDER RELATIONS

*УДК: 339.138*

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары өлкөнүн түштүк аймагындагы коңшу өлкөлөр менен чектешкен региондорубуздун экономикалык абалы жана ал аймактардагы агро-өнөржай өндүрүшүн инвестиция тартуу аркылуу өнүктүрүү маселеси каралган. Изилдөөнүн негизги максаты болуп коңшу өлкөлөр менен чектешкен аймактардын агро-өнөржай өндүрүшүн жана айыл-чарбасын инвестиция тартуу менен өнүктүрүү маселелерин изилдөө аркылуу өлкөбүздүн экономикасын жогорулатууга жана калкты жумуш орундары менен камсыз кылууга салым кошуу. Макаланын негизинде өлкөбүздүн түштүк аймактарындагы чектеш өлкөлөр менен экономикалык өз ара байланыштарына жана ал аймактардагы агро-өнөржай чөйрөсүнө инвестиция тартууну анализдеп, алардын өлкөбүздүн экономикасына тийгизген таасирлерин талдоо маселеси коюлган. Изилдөөнүн жыйынтыгында коңшу өлкөлөр менен чектеш аймактардагы калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу үчүн чек араны аныктоо менен ал аймактарга ички жана сырткы инвесторлордун агымын көбөйтүү керек экендиги далилденген.*

***Негизги сөздөр:*** *экономика, инвестиция, агро-өнөржай, инвестор, айыл-чарбасы, аймактык экономика, экспорт, импорт, чек ара.*

*В данной статье рассматриваются вопросы экономического состояния приграничных регионов с соседними странами Южного региона страны и развития агропромышленного производства в этих регионах путем привлечения инвестиций. Основной целью исследования является содействие повышению экономики страны и обеспечению рабочими местами населения через изучение вопросов развития агропромышленного производства и сельского хозяйства приграничных с соседними странами территорий с привлечением инвестиций. На основе данной статьи поставлена задача проанализировать экономические взаимоотношения южных регионов страны с сопредельными странами и привлечение инвестиций в агропромышленную сферу в этих регионах, а также проанализировать их влияние на экономику страны. По итогам исследования доказано, что для улучшения уровня жизни населения в приграничных районах с соседними странами необходимо увеличить приток внутренних и внешних инвесторов в эти регионы путем установления границ.*

***Ключевые слова:*** *экономика, инвестиции, агропромышленность, инвестор, сельское хозяйство, региональная экономика, экспорт, импорт, границы.*

*This article discusses the issues of the economic state of the border regions with neighboring countries of the Southern region of the country and the development of agro-industrial production in these regions by attracting investment. The main purpose of the study is to promote the improvement of the country's economy and provide jobs to the population through the study of the development of agro-industrial production and agriculture of the territories bordering with neighboring countries with the attraction of investments. Based on this article, the task is to analyze the economic relations of the southern regions of the country with neighboring countries and attract investment in the agro-industrial sector in these regions, as well as to analyze their impact on the country's economy. According to the results of the study, it is proved that in order to improve the standard of living of the population in the border areas with neighboring countries, it is necessary to increase the inflow of domestic and external investors to these regions by establishing border.*

***Key words:*** *economy, investment, agro-industry, investor, agriculture, regional economy, export, import, borders.*

Азыркы учурда өлкөбүздө кооптонууну жараткан маселелер чек ара жана коңшу өлкөлөр менен чектешкен аймактардагы калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу, аймактын агро-өнөржай чөйрөсүнө, айыл-чарбасына инвестиция тартуу болуп турат. Өлкөбүздө, бул маселе актуалдуу талкууланып жатат. Бирок 30 жылдан бери, мындайча айтканда ушул күнгө чейин бул маселенин түйүнү чечиле элек. Чек-ара маселесин жөнөкөй эле үй-бүлөө мисалында карап көрсөк. Коргону бар, тынымсыз эмгектенген үй-бүлөөгө эч ким бастырып кире албайт. Жада калса аймагына да кире албайт. Ошол эле учурда коргону жок, үйү кароосуз, үй-бүлөө мүчөлөрү эмгектенгенди каалабаган үй-бүлөөгө кол салгандар көп болот. Ал эми тосулбаган аймактарына башалар акырындык менен ээлик кыла баштайт, мүлкүнө кол салат, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ынтымагын ыдыратууга алып келет.

Түштүк аймактык чек аралар дегенде эле ордолуу Ош, өрүк зарлуу Баткен, жаңгак токойлуу Жалал-Абад облустарыбыз эске келет.

Баткен областы – чек арасынын узундугу 17 мин км ээлеп, Кыргызстандын чектеш аймактарынын

8,5% түзөт. Түндүгүнөн Тажикистан Республикасы жана Өзбекистан менен, түштүк жана батыш тарабынан Тажикистан Республикасы, чыгыш жана түштүк тарабынан Ош областы менен чектешип турат. 2021-жылкы эл каттоо боюнча 499,8 мин калкы бар, алардын ичинен шаардыктар 119,7 айылдыктар 380,1 мин [1].

Область суу ресурстарына бай. Бул агын суулардын 3,5 км куб жылына иштетилет, анын 6 дарыясында орто жана кичи кубаттуулуктагы ГЭСтерди куруу мүмкүнчүлүгү бар. Областа бул суулардын 25% гана областын өздүк керектөөлөрүнө сарпталат, калган бөлүгү Өзбекистан менен Тажикистанга өтүп кетет [2].

Баткен областы конушу Тажикистан мамлекети менен 972 чакырым аралыкта чектешип турат. Өзбекстан жана Тажикистан менен 400 чакырым жер такталган. 572 чакырым жер тилкеси эки өлкөнүн арасында чоң бир көйгөйдү жаратууда. Баткен областынын Баткен, Лейлек райондорунун көпчүлүк аймагы Тажикистан мамлекетинин Согдий облусу менен чектешет. Бүгүнкү күнгө чейин чек-ара чийимдери так аныктала элек аймактар көп. Такталган чек ара тилкелерин аныктоо иши Баткен областынан башталышы керек эле, бирок бүгүнкү күндө мамлекетибиздин алсыздыгыбы же кайдыгерлигиби, а мүмкүн эр азаматтарыбыз тамыр жайган коррупцияга толугу менен кызмат кылып калганынын айынанбы бул маселе алигече так чечиле элек. Эске сала кетсек, көп убакыттан бери Кыргыз-Тажик чек арасында коогаландар баймабай болуп келе жатканын баарыбыз билебиз. Айрыкча, акыркы ок атышуулар менен коштолгон окуялар баарыбыздын зээнибизди кейитип, саясий жактан да экономикалык жактан да ойлонууга мажбур кылып жатат.

Мына ушундай эле кырдаал Жалал-Абад областында да байкалат. Бир гана бул жерде жашоо деңгээли жогору. Жалал-Абад областы 33,7 миң чарчы аянтты түзөт. Область түштүк-батышынан Өзбек Республикасы, түндүгүнөн-Ош областы менен чектешет. Бул аймакта Ала-Бука районуна караштуу Кош-Терек айылы жана ага жакын жайгашкан Салама айылы Өзбекистанга өтө эле жакын жайгашкан. Ошондой эле, 2021-жылдын 25-апрелинде Кемпир-Абад суу сактагычына караштуу жердин Өзбекстанга берилишине каршы болуп элдер митингке чыгышып, кайрадан суу сактагыч Өзбекстанга берилген эмес. Албетте чек арабыз тосулган эмес. Чек-ара кызматчыларыбыз көрсө да көрмөксөнгө алышабы, айтор коңшу туугандар мал-жандыктарын бейкапаар эле кайтарып кетеберген фактылар жок эмес. «Жаман койчу жайытын бир күндө түгөтөт» дегендей «Касан-Сай» суу сактагычын да берешендик кылып сатып жиберген. Ага окшогон жерлердин канчасын сатып жибергенбиз.

Андан бери карасак Ордолуу Ош областы 29,0 миң чарчы аянтты түзүп, түндүгүнөн Өзбекистан Жалал-Абад областы, түштүгүнөн Тажикистан Республикасы, чыгышынан Кытай Эл Республикасы жана Нарын областы менен чектешип турат.

Тажикистан мамлекети менен Карамык, Кызыл-Суу, Эркечтам, Алайкуу, кытай Эл Республикасы менен жакын жерде чектешкен. Араван, Кара-Суу райондору Өзбекистан чек арасы чектешип турат. Карап көрсөк Ош шаарыбызда жүрүп эле четирээк жерге чыга турган болсок, Өзбек чек арасынан өтүп кетчүүдөй абалдайбыз. Мына ушул айтылган аймактарда чек ара маселесин жөнгө салуубуз шарт.

Өлкөбүздүн чек араларын бекемдөөнүн экономикалык бирден-бир жолу – ал коңшу өлкөлөр менен чектеш аймактардагы калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу, ал аймактардагы агро-өнөржай чөйрөсүн жакшыртуу жана бул тармакка бардык түрдөгү инвесторлордун агымын көбөйтүү болуп саналат. Инвесторлордун жардамы менен аймактык экономиканы белгилүү деңгээлде жакшыртуу аркылуу жалпы улуттук экономиканын өнүгүүсүнө чоң салым кошо алабыз. Андыктан да мамлекетке тартылган сырткы инвестицияларды өлкөбүздүн коңшу өлкөлөр менен чектеш жайгашкан аймактарына тартуу максатка ылайыктуу [3].

Инвестор үчүн эң манилүүсү: ар кандай тармактан ишке аша турган жана киреше алып келе турган жана инвестор үчүн да алып жаткан тарап үчүн да кызыкчылык жарата турган ишти табуу. Бул иш аракет рыноктун механизмдей иш аткарган эки тараптын болушу керек деген талабын аткарат.

Кыргыз Республикасынын Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында инвесторлорду кызыктырууга, суроо талапты жана инвестицияларды түзүүгө жетиштүү потенциалга ээ. Булардын эң негизгиси айыл чарба сырьёлорун иштеп чыгарууда ишканалар негизги ролду ойнойт жана шаардын инфраструктурасынын деңгээлин көтөрөт. АӨК айыл чарба продукциясынын жана айыл чарбанын ишканаларынын товарларын рынокко чыгаруусун уюштуруу.

Азыркы учурда инвесторлорду иштерди аткаруу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли гана кызыктырбастан долбоордук документ, мындайча айтканда, долбоордун финансылык каражаттарынын жалпы комплекси кызыктырат. АӨКдеги долбоорлор көп идеялар иштелип жатканы менен жакшы иштеген эмес. Мисалы: Он-Адыр кичи районунун түштүк аймактарында инфраструктураны өнүктүрүү туралуу идеялар айтылып келет, о.э. ал идеялар кайрадан иштеп чыгууга тийиш. Бирок, конкреттүү реалдуу долбоорлор көрсөтүлбөйт. Мындайча айтканда жөнөкөй иштелмелердин жоктугунун себебинин бири – долбоорлорду түзүүнүн кымбаттыгы менен биргеликте эле долбоорду

жазган адам атайын билимге ээ жана маркетингди жакшы билүүсү керек экендигинде.

Көзөмөлдөөнүн негизинде долбоордук уюмдар өзүн-өзү каржылоо шарттарында иштегенин көрсөтүү, регулярдуу акча каражаттарынын булагынын жоктугунан, мурунку долбоордук уюмдар жабылып кеткен. Азыркы учурда АӨК жаатында болгону 3 уюм иш алып барат. Алардын экөөсү ирригация боюнча. Андыктан област масштабында мамлекеттик администрация тармагында керектүү долбоорлорду түзүүгө мүмкүнчүлүк жок. Себеби ал максат үчүн атайын каражат бөлүнүүсү керек. Биздин оюбузча мамлекет стратегиялык пландарга, долбоорлорду түзүүгъ милдеттенген уюмду белгилеп, мамлекеттин деңгээлинде жардам көрсөтүүсү зарыл.

Стратегиялык иштелмелерде эреже катары айыл чарба жана иштеп чыгарууну көлөмдүү көрсөткүчтөрүнө жетүүгө чоң көңүл бурулат. Ресурстардын теңдөө маселеси (эмгектик, материалдык жана финансылык) эсепке алынбай көлөкөдө калып келет. Ал маселени биз стратегиялык иштелмелерде бир гана киргизилүүчү объекттер белгиленбей, аларды финансылоо булактарын жана долбоорлоштуруу маселеси да киргизилүүсү зарыл.

Акыркы жылдарда аймактар боюнча чет өлкөлүк инвестициялардын келүүсү да жаман эмес (1-таблица). Бирок келген каражаттардын рационалдуу бөлүштүрлүшү, максаттуу пайдаланылышы негизги маселе болот. Эгер келген инвестициялык каражаттарды максаттуу багытта пайдаланса, анда аймактарда эле эмес жалпы мамлекетте өнүгүү жогоруламак.

Мамлекеттик жетекчиликтин айтымында, Баткен облусун өнүктүрүү үчүн мамлекеттик бюджеттен жыл сайын 500 млн сом бөлүнүп келет. Ал эми акыркы жылдарда тике чет өлкөлүк инвестициялардын аймактар боюнча келип түшүүсү да Баткен, Ош, Жалал-Абад облустары үчүн аймактарды өнүктүрүүгө багытталган [4].

*Таблица 1*

**2020-2021-жж. тике чет өлкөлүк инвестициялардын аймактар боюнча келип түшүүсү**

| № | Аймактын аталышы | 2020-жыл доллар менен | 2021-жыл доллар менен | 2020-2021-жылдан айырмачылыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Баткен облусу | 3 009 300 | 314 500 | 2 694 800 |
| 2. | Жалал-Абад облусу | 79 266 300 | 184 521 200 | 105 254 900 |
| 3. | Ош облусу | 2 539 500 | 16 165 300 | 13 625 800 |
| | **Баардыгы:** | 84 815 100 | 201 001 000 | 116 185 900 |

Таблицадан көрүнүп тургандай 2021-жылда Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтары боюнча жалпы инвестициянын көлөмү 201 001 000 сомду түзгөн. 2020-жылга салыштырмалуу 2 эсеге көп инвестиция тартылган.

Бирок тартылган чет өлкөлүк инвестицияларды чек арада жайгашкан айыл жерлерине жана алардын экономикасына багыттоого мүмкүнчүлүк азыраак болот. Анткени инвесторлор тобокелчиликтин жогорко деңгээлинде инвестициялоону туура көрүшпөйт.

Ошентсе да мамлекеттик бюджеттенби, сырткы инвестициялярданбы каралган каржаттарды чек арада жайгашкан айыл жерлеринин инфраструктуралык түзүмдөрүнө багыттоону жолго салсак канчалаган көйгөйлөрүбүз чечиле тургандыгын анык [5].

Баткен областына инвестиция тартып, дагы да болсо инвесторлорду көбөйтүүбүз керек. Жергиликтүү элдин жашоо деңгээлин жогорулатуу мүмкүнчүлүгү бар. Айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүгө инвестиция алып келсек, жөнөкөй эле өрүктү чет мамлекеттерге экспорттоо жогорулайт. Аны менен бирге эле жумуш орундары да пайда болот [6].

Түштүк региондорубузду өнүктүрүү үчүн инвесторлорду агро-өнөржай чөйрөсүнө жана айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүгө тартуубуз керек. Ал үчүн эң алгач инвесторлорду чакыруу үчүн аларды кызыктыруучу жагымдуу шарттарды түзүп берүүбүз керек. Атап айтсак, мамлекетибиздин эл аралык аренадагы саясий, экономикалык стабилдүүлүгү, жол жана аба катамдарыбызды оңдоп, мейманканаларды куруп, жергиликтүү жана мамлекеттик органдар тарабынан колдоого алынышы, уюлдук байланыштарыбызды жакшыртуубуз бүгүнкү күндүн талабы. Инвесторлор келгенде эле алардан акча талап кылбастан, инвесторлорго бекер жер берип, салык тармагынан колдоо көрсөтүү менен инфраструктуралык түзүмдөрдү жакшыртуубуз керек. Албетте, кандайдыр бир убакыт аралыгына гана. Ошондо гана бизге инвесторлордун агымы келе баштайт жана жашоо шартыбыз жакшырып, башка нукка бурулат [7].

Жыйынтыктап айтканда, аймактардагы чек ара маселесин чечүү менен биргеликте, түштүк регионунун социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүүгө болот. Бул үчүн бир нече жолдорду сунуштайбыз.

- Мамлекеттик чек араларды экономикалык кылмыштуулука каршы тыкыр көзөмөлдөөнү б.а. коркунуч туудуруп жаткан бөлүктөрүнө видео көзөмөлдөрдү орнотуу менен биргеликте кичинекей бөлмөлөрдү куруу керек. Себеби, контрабандалык (уруксат кылынбаган товарларды башка мамлекеттин чегинен жашырынып алып өтүү) өтүүлөргө жол бербөө керек;
- Кайтарууга алынган аймактарга көзөмөлдөр менен биргеликте товардын сапатын текшерүүчү ла-

бораториялардын, логистикалык борборлордун иштешин жакшыртуу;

- Экспорттуу өнүктүрүү менен импортту азайтуу боюнча мамлекеттик стратегияларды иштеп чыгуу керек;
- Мамлекет тарабынан чектешкен аймактардагы ата-мекендик өндүрүүчүлөрдү коргоо жана аларга колдоо көрсөтүү;
- Кыргызстан стандарттарынын түзүлүшүн жакшыртуу;
- Түрдүү продуктунун сертификациясын жана стандартизациясын жакшыртуу.
- Соода-сатык - эл аралык кызматташуунун эффективдүү каражаты болуп саналат.

Эл аралык стандартка жооп берүү менен биргеликте айтылган иш аракеттерге инвестициялоодон түшкөн кирешеден сырткары импорттолгон товарлардан алынган пошлиналардан алсак болот. Ошол эле учурда коңшу мамлекеттер менен өз ара кызматташууга тоскоолдуктарды жаратпообуз керек. Анткени, рынок экономикасынын шартында бир өлкө, экинчи бир өлкө менен карым-катнашсыз такыр жашай албайт. Экспорт, импорт мамилелери менен алака түзүп туруугa да байланыш керек.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети [Электрондук ресурс]. - Жеткиликтүүлүк режими: http://www.stat.kg/kg/statistics/statisticheskie-perepisi/
2. Статистикалык жыйнак. Кыргызстан сандарда 2020. [Электрондук ресурс]. - Жеткиликтүүлүк режими: http://www.stat.kg/kg/statistics/investicii/
3. Стратегия устойчивого развития промышленности Кыргызской Республики на 2019-2023 годы. [Электрондук ресурс]. – Жеткиликтүүлүк режими: http://cbd.minjust.gov. kg/act/view/ru-ru/157190
4. ИАЦ “Спутник Кыргызстан”: 500 млн сомов ежегодно будут выделять Баткенской области - что еще. URL: https://ru.sputnik.kg/20220203/kyrgyzstan-batkenskaya-oblast-byudzhet-nalogi-status-1061760651.html
5. Шеров Ш.Б. Проблемы устойчивого социально-экономического развития регионов и мировая практика [Текст] / Ш.Б. Шеров, К.А. Таиров. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. - №. 10. - С. 86-90.
6. Тургумбаев М. Роль инвестиций в развитии агропромышленного комплекса в Кыргызской Республике. / М.Тургунбаев. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2021. - №. 7. - С. 136-139.
7. Наралиев, Т.А. Аймактардагы кайра иштетүү өндүрүш ишканаларына социалдык-экономикалык анализ [Текст] / Т.А. Наралиев, О.Р. Имаралиев, Бактыбек кызы Бекзада // Вестник Ошского государственного университета. - Ош: ОшГУ, 2021. - Т.2. - №1. - С. 76-87.